КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясы

Жаңы-Арык айылы **№_1_-ТОКТОМУ** 16-февраль 2023-жыл

**Бүргөндү айыл өкмөтүнүн “Намаздык - Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2022-жыл ичи аткарган иштери жана 2023-жылга карата бюджетин бекитүү жөнүндө**

“Намаздык - Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2022-жыл ичи аткарган иштери жөнүндөгү бирикменин башчысынын маалыматын жана 2023-жылга карата бюджетин, түзүлгөн иш планын угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин башчысынын 2022-жыл ичи аткарган иштери жөнүндөгү маалыматы жана “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2023-жылга карата түзүлгөн бюджети ошондой эле иш-планы жөнүндөгү берген маалыматы эске алынсын.

2. “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин башчысынын 2022-жыл ичи аткарган иштери жөнүндөгү отчеттук маалыматы сессиянын жүрүшүндөгү сунуштарды эске алуу менен канааттандыраарлык деп табылсын.

3. “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2023-жылга карата түзүлгөн бюджети тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2023-жылга карата түзүлгөн иш планы сессиянын жүрүшүндө сунушталган сунуштарды киргизүү менен бекитилсин.

5.Аймагыбыздагы жайыт пайдалануучулардын жайытка болгон төлөмдөрүн өз учурунда өндүрүү жана жайыттарды мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте ар тараптуу натыйжалуу пайдалануу ошону менен бирге жайыт комитетинин бюджетин жогорулатуу максатында тиешелүү иш чараларды көрүү жагы “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин башчысы А.Халиевге милдеттендирилсин.

6.Улуу жайлоолорго баруучу жолдорду жана жакынкы кыштоолорго баруучу жолдорду ошондой эле сел нугунда жайгашкан көпүрөлөрдү алдына ала калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин башчысы А.Халиевге жүктөлсүн.

7. “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыты менен коңшу жайгашкан айыл өкмөттөр менен болгон чек араларын аныктап, тактоо иштерин аягына чыгаруу жагы “Намаздык-Ата” жайыт пайдалануучулар бирикмесинин башчысы А.Халиевге жана Бүргөндү айыл өкмөтүнүн башчысы З.Арстанбековго милдеттендирилсин.

8. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Эл чарбасы, айыл чарбасы, өнөр жай транспорт жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Абдиевке милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** ________________ **Б. Кубатов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы **№_2_- ТОКТОМУ** 16-февраль 2023-жыл

**“Ношкен Суу” СПА нын бюджетинин 2022-жыл ичи аткарылышы жөнүндө**

“Ношкен Суу” СПА нын жетекчиси Т.Матаевдин ишкананын бюджетинин 2022-жыл ичи аткарылышы жөнүндөгү маалыматын угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVII – сессиясынын

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. “Ношкен Суу” СПА нын бюджетинин 2022-жыл ичи аткарылышы жөнүндөгү маалыматы эске алынсын.

2. Жергиликтүү калкка эгиндерин сугарууда агын суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылууну алдын алуу боюнча тиешелүү иш чараларды көрүү, өндүрүлбөй калган өндүрүмдөрдү толук кандуу өндүрүү жана жаз мезгилине карата аймактардагы арыктарды, чон арыктарды тазалоо СПА нын жетекчиси Т.Матаевге жүктөлсүн.

3. СПА на келген офистик жабдыктардын кредиттик төлөмдөрүн өз учурунда төлөө боюнча тиешелүү чараларды колдонуу менен иштерди так жүргүзүү жагы СПА нын жетекчиси Т.Матаевге милдеттендирилсин.

4. СПА нын аймагындагы арыктарды тазалоодо жыл сайын керектелип жаткан техниканын муктаждыгына байланыштуу тиешелүү жогорку органдарга кайрылуу менен долбоор жазып бей өкмөт уюмдардан проект менен техника алуу боюнча иш аракеттерди жасоо колго алынсын.

5. “Ношкен Суу” СПА нын 2022-жыл ичи аткарган иштери жогорудагы сунуштарды эске алуу менен канааттандыраарлык деп табылсын.

6. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Эл чарбасы, айыл чарбасы, өнөр жай транспорт жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Абдиевке милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык**
**кеңешинин төрагасы:** **Б. Кубатов**